Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10. 23. 667 Диссертациялык кеңештин эксперти, филология илимдеринин доктору, доцент Асылбек Эшиевдин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Жумаева Гүлгаакы Зулумбаевнанын “Байыркы орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышы”** деген темадагы диссертациясы боюнча

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Жумаева Гүлгаакы Зулумбаевна тарабынан даярдалган “Байыркы орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышы” деген темадагы докторлук диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган докторлук диссертациялык иш диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иштин мазмуну жана илимий-теориялык деңгээли 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү маселелер каралгандыгын тастыктайт.

**2. Иштин максаты катары** байыркы орток түрк жазма эстеликтериндеги (VI–XII кк.) дүйнөтаанымдык маселелердин кыргыз дүйнөтаанымы менен болгон байланыштарын адабий фактылык материалдарга, илимий жана тарыхый негиздерге таянып, көркөм идеялык, эстетикалык көз караштардын негизинен системалуу адабий анализ жүргүзүү жана аларга тарыхый-салыштырма, салыштырма-типологиялык принцибинин негизинде баа берүү жана теориялык тыянактарды чыгаруу эсептелинет.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Орток түрк жазма эстеликтерин изилдөөнүн алгачкы мезгилдерине кайрылуу.
2. Орток түрк жазма эстеликтеринин кыргыз адабиятынын тарыхында изилдениш процессине токтолуу.
3. Орток түрк жазма эстеликтерин жалпы түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин дүйнөтаанымынын жыйындысы катарында чагылдырылышын аныктоо.
4. Орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз элинин адабий, көркөм идеялык, эстетикалык көз караштарын чагылдырылышына илимий анализ жүргүзүү.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 55/04-8
« 20 » 12 2024 г.

5. Орток түрк жазма эстеликтеринин (VI–IX кк.) кыргыз фольклору менен болгон көркөм идеялык, образдык, мифологиялык мотивдик, персонаждык өтмө байланыштарын салыштырма аспектте изилдөө.

6. Орток түрк жазма эстеликтеринде (VI–IX кк.) салттуу мотив жана сюжет куруу маселесиндеги композициялык жалпылыктарын кыргыз фольклорунун мисалында салыштыруу.

7. X–XII кылымдардагы ислам идеологиясынын кыргыз элинин маданиятына, адабиятына, дүйнөтаанымынын өнүгүшүнө, өзгөрүшүнө тийгизген таасирлерин аныктоо.

8. X–XII кылымдар аралыгындагы орток түрк адабий жазма эстеликтериндеги көркөм идеялык, эстетикалык концепциялар, алардын кыргыз эл акындар чыгармачылыгына таасири жана реализациялоонун көркөм жолдору жана формаларына токтолуу.

9. X–XII кылымдардагы орток түрк адабий жазма эстеликтеринин көркөм-эстетикалык структурасы жана алардын кыргыз эл акындар чыгармачылыгына тийгизген таасирлерин аныктоо. Андагы философиялык, дидактикалык, таанып-билүүчүлүк маанилерин белгилөө.

10. X–XII кылымдар аралыгындагы кыргыз элинин дүйнөтаанымы менен кийинки мезгилдеги дүйнөтааным системасынын синтездешүү процессинин аркасында көркөмдүк, эстетикалык, философиялык, нравалык, дидактикалык платформасынын түзүлүшүнө, бүгүнкү күндөгү жарамдуулугуна баа берүү.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн баскычтары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертант өз максатына жетүү үчүн адабий талдоонун каражаттарын, ыкмаларын пайдаланган. Ал изилдөөнүн обьектиси болгон байыркы жана орто кылымдык орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышы боюнча салыштырма-тарыхый, салыштырма адабият, салыштырма-типологиялык методдорун колдонгон.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине ылайык келиши:**

Байыркы жана орто кылымдык орток түрк жазма эстеликтериндеги кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышында жашоо шарттары, каада-салттары, диний ишенимдери бирдей түрдүү улуттагы түрк элдерине тиешелүү орток адабий мурастардын – байыркы орток түрк жазма эстеликтеринин (VI-XII кк.) жана кыргыз эпикалык поэзиясынын, акындар поэзиясынын изилдөөнүн объектиси катары келиши изилдөөнүн максат-милдеттерине дал келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Диссертант он пункттан турган милдеттердин ар биринде кыргыз эл акындар поэзиясындагы салыштырма адабият, салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык методдорун ар бир бөлүмдүн өзгөчө милдеттерине жараша колдонуу менен илимий анализ жүргүзүп, конкреттүү жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылган. Диссертанттын изилдөө методдору изилдөөнүн милдеттерине дал келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Бул изилдөөнүн актуалдуулугун төмөндөгүдөй маселелер тастыктайт:

1. Багыты түрдүү адабий формадагы орток түрк жазма эстеликтериндеги (VI–XII кк.) байыркы мезгилдеги кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышы алгачкылардан болуп аныкталышы.
2. Байыркы жана орто кылымдык орток түрк жазма эстеликтери менен профессионал кыргыз адабиятын салыштырууга болбостугу, бирок жазма адабиятыбыздын тарыхын VI-XII кылымдарга таандык байыркы орток түрк жазма эстеликтерден баштоо зарылдыгынын аныкталышы.
3. Кыргыз адабият таануусунда профессионал жазма адабиятыбыздын башатын байыркы жана орто кылымдык орток түрк жазма эстеликтеринен издөө канчалык деңгээлде реалдуу деген суроонун жаралышы табигый жагдай экендиги.
4. Кыргыз жазма адабиятыбыздын тарыхын окуп-үйрөнүүдө Орхон-Енисей таш жазмаларынан баштоо реалдуулугу.
5. Орхон-Енисей таш жазууларындагы түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин оозеки поэзиясынын салттарын белгилүү даражада жазма түрүндө трансформациялап, көчүрүлүп келгендигинин байкалышы.
6. Байыркы орток түрк жазма эстеликтерге поэтикалык жазма эстеликтер деңгээлинде баа берип, кыргыз профессионал адабиятыбыздын эле эмес, жазма адабиятыбыздын алгачкы эстеликтери катарында айтылышы.
7. Кыргыз элинин эзелтен калыптанган дүйнөтаанымынын кийинки муундарга кандай, кантип уланып келе жаткандыгы элдик маданияттан, адабияттан байкалышы.
8. Өткөндөгү-бүгүнкү-эртеңки деген түшүнүктөрдүн түпкүрүндө адам баласынын бул дүйнөдөгү адамдык касиетинин бүтүндөй системасы жаткандыгы жана адамдардын дүйнөтаанымын калыптандыруудагы улуу идеялардын көркөм талданылышы.
9. Орток түрк маданиятынын курулушунда кыргыз дүйнөтаанымынын да зор салымы бар экендигин ачып көрсөтүүдө, кыргыз адабиятынын тарыхы, тактап айтканда, кыргыз фольклору менен үндөштүгү жана эл акындар поэзиясындагы темалык, идеялык ойлордун таасирлери, ич ара байланыштары тууралуу илимий көз караштарды системалуу адабий анализге алынышы.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сынчыл анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Диссертант Л.Н. Гумилев, Н.Я. Бичурин, А.Н. Кононов, Ю.Х. Худяков, А.Н. Бернштам, В.В. Бартольд, И. Стеблева өңдүү чет элдик чыгыш

таануучулардын, түркологдордун жана К. Артыкбаев, К. Асаналиев, А. Эркебаев, А. Акматалиев, Т. Чоротегин, Ж. Шериев, Л. Жусупакматов, А. Абдразаков ж.б. белгилүү кыргыз окумуштууларынын темага түздөн-түз жана кыйыр түрдө келген изилдөөлөрүн мүмкүн болушунча толук пайдаланып, аларга кеңири иликтөө жүргүзүп, ылайыгына жараша колдонууга алган. Изилдөөчүнүн өзүнө чейинки тематикага шайкеш изилдөөлөргө сынчыл көз караштa карагандыгын белгилөөгө болот.

**3. Илимий натыйжалар.** Диссертацияда кыргыз акындар поэзиясы үчүн олуттуу мааниге ээ төмөнкүдөй илимий-теориялык натыйжалар алынган:

1. Кыргыз адабияты тарыхын иликтөөдө орток түрк жазма эстеликтеринин (VI–XII кк.) тарыхы менен байланыштуу карап, кыргыз фольклору менен акындар поэзиясынын мисалында кыргыз дүйнөтаанымынын калыптаныш маселелери аныкталып, улуттук адабиятыбыздын өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрүн, бүгүнкү күндөгү перспективалык жолдорун окуп-үйрөнүүдөгү методологиялык багыттары аныкталган;

2. Кыргыз адабият таануу илиминде VI-XII кылымдар аралыгындагы орток түрк жазма эстеликтерине байланыштуу илимий изилдөөлөр системалуу иликтөөгө алынып, ага байланыштуу кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышы изилденген.

3. VI–XII кылымдар аралыгындагы орток түрк жазма эстеликтериндеги дүйнөтааным менен кыргыз фольклору жана эл акындар поэзиясындагы улуттук дүйнөтаанымдын мисалдарына параллель иликтөө жүргүзүлүп, коомдук-саясий, социалдык, маданий турмуштагы өзгөрүү, жаңылануунун контекстинде каралышы аркылуу диссертациянын илимий-теориялык маани-маңызы тастыкталган.

4. Байыркы орток түрк жазма эстеликтериндеги (VI–IX кк.) (Саймалуу-Таш сүрөт-жазма эстелиги, Орхон-Енисей таш жазма эстелиги, “Огуз каган” дастаны, “Коркут ата китеби”) көркөм идеологиялык негиздердин кыргыз фольклору (эпикалык поэзиянын мисалында) менен карым-катышында дүйнөтаанымдык маселелер ачыкталган;

5. Байыркы орток түрк жазма эстеликтериндеги (VI–IX кк.) эмоционалдык сөздөрдүн (алкыш, каргыш, бата) дүйнөтаанымдык функциясы кыргыз фольклорунда (эпикалык поэзиянын мисалында) философиялык жана дидактикалык милдеттери аныкталган;

6. Орто кылымдардагы орток түрк жазма эстеликтериндеги (XI–XII кк.) (Жусуп Баласагын, Махмуд Кашкари-Барскани, Кул Кожо Ахмед Яссави, Ахмед Югнекинин чыгармалары) диний-мистикалык көз караштар кыргыз эл акындар чыгармачылыгына таасир бергендиги тастыкталган;

7. Орто кылымдардагы орток түрк жазма эстеликтердеги (XI–XII кк.) замана темасы кыргыз эл акындар чыгармачылыгында коомдун саясий идеологиясына байланыштуу чечмеленген;

8. Орто кылымдардагы орток түрк жазма эстеликтериндеги (XI–XII кк.) философиялык жана дидактикалык көз караштар кыргыз эл акындар чыгармачылыгында дүйнөтаанымдык функцияны аткаруусу ырасталган;

9. Байыркы жана орто кылымдардагы орток түрк жазма эстеликтеринин (VI–XII кк.) дүйнөтаанымдык маселелерин иликтөө иштери кыргыз фольклорунун (эпикалык поэзиянын) жана кыргыз эл акындар поэзиясынын мисалында жүргүзүлүп, концептуалдуу системага ээ болгон.

Диссертант көркөм материалдын табиятына туура келген изилдөө методдорун жана ыкмаларын колдонуп, байыркы жана орто кылымдардагы орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышынын ээлеген ордун жана маанисин ынанымдуу ачып берүүгө жетишкен. Эмгекте чыгарылган тыянактар өз алдынчалыкка ээ. Изилдөөчүнүн талдоолору жана илимий-теориялыык натыйжалары учурдагы кыргыз эл акындар поэзиясына кошулган салым болуп эсептелет.

Диссертацияда кыргыз эл акындар поэзиясы үчүн олуттуу мааниге ээ төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Байыркы жана орто кылымдык орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышында эл акындар поэзиясы боюнча бүгүнкү талаптарга ылайык маселелер коюлган.

2. Диссертациянын жыйынтыктары жаңы.

3. Илимий иштин жыйынтыктары кыргыз эл акындар поэзиясы үчүн маанилүү.

4. Диссертация кыргыз эл акындар поэзиясынын башкы багыттарына дал келет.

5. Илимий иштин жыйынтыктары кыргыз эл акындар поэзиясы тармагында колдонууга жарайт.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары дүйнөтаанын маселелерин төмөнкү илимий багыттарда кеңири колдонууга боло тургандыгы менен практикалык мааниге ээ:

– фольклористика, манастаануу, кыргыз адабият таануу, эл акындар чыгармачылыгы, байыркы кыргыз адабияты, кыргыз адабиятынын тарыхы жана эстетика, философия, көркөм өнөрдүн тарыхы менен теориясы сыяктуу илимий дисциплиналардагы талдоо процессинде, практикалык ишмердүүлүктө ;

– фольклор, байыркы кыргыз адабияты жана эл акындар чыгармачылыгынын адабий теориялык баалуулуктарын көркөм өнөрдүн бардык тармактары менен карым-катышында;

– орток түрк жазма эстеликтеринин (VI-XII кк.) фольклор жана эл акындар чыгармачылыгы менен байланышын, анын ичинде көркөм өнөрдүн бардык түрлөрүн сыпаттоо, сындоо, баалоо тажрыйбасын өркүндөтүүдө;

– жогорку жана атайын окуу жайларында фольклор, манастаануу, байыркы кыргыз адабияты, эл акындар чыгармачылыгы, кыргыз адабиятынын тарыхы жана теориясы боюнча курстарды окутууда;

– түрдүү коомдук топторду (окуучуларды, студенттерди, мугалимдерди, аспиранттарды, магистранттарды, изденүүчүлөрдү, изилдөөчүлөрдү, жалпы эле байыркы кыргыз адабиятына кызыккандарды) фольклор, жазма адабият, эл акындар чыгармачылыгын окуп үйрөнүүдө, иликтөө практикасында колдонууда;

– ЖОЖдордо окуу куралы катары пайдаланууда.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат менен диссертациянын актуалдуулугу, изденүүчүнүн жеке салымы жана изилдөө апробациясы түрдүүчө түзүлгөн. Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**6. Айрым кемчиликтер:**

1. Эмгекте тексттеги сүйлөмдөрдүн логикалык ырааттуулугунун бузулушу, стилистикалык каталар кездешет. Байыркы же орто кылымдык жазма эстеликтерден бир эле үзүндү тексттер кийинки параграфтарда дагы кайталанат.

2. Сүйлөмдөрдү орунсуз татаалдаштырып жиберген учурлар бир топ. Сүйлөмдөр жөнөкөй, түшүнүктүү, жеткиликтүү болуусу зарыл.

3. Кээ бир диний-рухий, тарыхый, мифологиялык булактарды, түшүнүктөрдү бир беткей интерпретациялоолор байкалат.

4. “Манас” эпосундагы кырк уруу кыргыздын башкы каармандарын түрк этникалык биримдиги (этноними) менен чаташтыруулар кездешет.

Аткарылган иштин жалпы алкагында мындай кемчиликтер изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир тийгизе албайт. Эмгек структуралык жактан уюштурулуп, байыркы жана орто кылымдык тексттердин, алар аркылуу берилген элдик дүйнөтааным маселелеринин оң-тетирисин кеңири талдоо аркылуу коюлган максат-милдеттер жүзөгө ашырылган. Жалпысынан диссертацияны талаптагыдай илимий-теориялык деңгээлде аткарылган жана коюлган максат, милдеттер ишке ашырылган изилдөө катары баалап, жактоого сунуш кылса болот.

**7. Сунуштар:**

- Байыркы жана орто кылымдардагы тарыхый булактарга этият мамиле кылуу, аларга комментарий берүүдөн оолак болуу;

- Байыркы орток түрк жазма эстеликтеринин (жалпы түрк тематикасынын) кызыкчылыгы үчүн орто кылымдык кыргыз адабиятынын (поэзиясынын) тарыхый ордун, адабий, маданий маанисин төмөндөтпөө;

- Байыркы жана орто кылымдардагы орток түрк жазма эстеликтеринин (адабиятынын, поэзиясынын ж.б.) жана анын структуралык курамындагы кыргыз жазма эстеликтеринин (адабиятынын, поэзиясынын ж.б.) өз ара интегративдик мүнөзүн, адабий чыгармачыл карым-катнашын ийкемдүү айкалыштыра билүү;

- Байыркы жана орто кылымдык орток түрк жазма булактардын түп нуска, же кыргызча редакцияланган (которулган) текст үзүндүлөрүн (бетин

так көрсөтүп) кенен пайдалануу менен кыргыз дүйнөтаанымы маселесин чечүүгө басым жасоо.

**8. Сунуштамалар: Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.** Диссертациялык кеңештин эксперти бул докторлук диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий адистиги бар Ош мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

**Биринчи расмий** оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар филология илимдеринин доктору, профессор **Суусар Искендерованы** (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылам:

**1.** Искендерова С. XX кылымга чейинки кыргыз кол жазма адабияты менен фольклорунун айрым маселелери. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, –2005.

2. Искендерова С. Фольклордук поэтика жана жазма адабият. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, 2015, –274 б.

3. Искендерова С. Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, - Б., 2010. - 275 б.

**Экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жана объектилерине жакын эмгектери бар: Литературный обзор на жанр рассказа в кыргызской литетаруре // Эл агартуу. – 2018. - №5-6. – 34-37-стр.; «Манас» эпосунун элдүүлүгү тууралуу саясий жана иделогиялык күрөштөр // Эл агартуу. – 2018. - №9-10. – 13-24-стр.; Төлөгөн Касымбековдун «Келкел» романындагы көркөм ойдон чыгаруунун ролу // БГУнун Жарчысы. – 2021. - №4 (58). – 14.16-стр.; Орус адабиятындагы гендердик маселелер («Аялдардын прозасынын» мисалында) // ALATOO ACADEMIC STUDIES. – 2022. - №3. – 319-326-стр. – филология илимдеринин доктору, профессор **Мурзахмедова Гульнара Мурзалиевнаны** сунуш кылат.

**Үчүнчү расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жана оъектилерине жакын эмгектери бар: Ч. Айтматов о художественных ценностях // Актуальные вопросы гуманитарных наук в современных условиях развития страны. Выпуск III. Сборник научных трудов по итогам международной научно-практической конференции, 11 января 2016 г. г. Санкт-Петербург, 2016. – С. 30-32.; Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «эмгек» // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы Атайын чыгарылыш. №1, 2021. 172-178-бб.; Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «үй-бүлө» // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы Атайын чыгарылыш. №2, 2021. 79-87-бб.; Адабият таануучулук аксиологиянын теориялык-методологиялык өбөлгөлөрү: Окуу куралы – Бишкек: Сарыбаев Т. Т. басмасы, 2022. – 74 б.; XX кылымдагы кыргыз адабиятын аксиологиялык аспектте изилдөөнүн объектиси, предмети, материалдары жана методологиясы: Окуу куралы – Бишкек: Сарыбаев Т. Т. басмасы, 2022. – 148 б.; XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз прозасындагы көркөм дөөлөттөр жөнүндө // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. №2, 2022. 37-39-бб.; XXI кылымдагы кыргыз адабияттаануусундагы кыргыз адабияты боюнча негизги изилдөөлөр

// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. №8 (Октябрь), 2022. 304-309-бб. – филология илимдеринин доктору, профессор **Жантаев Адилбек Сүйүндүковичти** сунуш кылат.

**9. Корутунду.** Жумаева Гүлгаакы Зулумбаевнанын изилдөөсү байыркы орток түрк жазма эстеликтериндеги (VI–XII кк.) дүйнөтаанымдык маселелердин кыргыз дүйнөтаанымы менен болгон байланыштарын адабий фактылык материалдарга, илимий жана тарыхый негиздерге таянып, көркөм идеялык, эстетикалык көз караштардын негизинен илимий талдоодон өткөрүлгөн.

Ишти илимий-теориялык деңгээли жеткиликтүү, илимий аппараты бай, практикалык мааниси такталган иликтөө катары кыргыз акындар поэзиясына кошулган салым деп эсептөөгө болот.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти** сунуш кылган документтерди карап чыгып, КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10. 23.667 Диссертациялык кеңешине 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Жумаева Гүлгаакы Зулумбаевнанын "Байыркы орток түрк жазма эстеликтеринде кыргыз дүйнөтаанымынын көркөм чагылдырылышы"** деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кыламын.

**Эксперт, филология илимдеринин**
**доктору, доцент** **А. М. Эшиев**

20.12. 2024-ж.

*Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын*

**Д 10. 23. 667 диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н. Т. Ыйсаева**